**Пресс-релиз**
**Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы эсептик чен өлчөмүн 8,00 пайыз деңгээлге чейин төмөндөтүү чечимин кабыл алды**

Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасы 2015-жылдын 27-июлунда эсептик чен өлчөмүн 150 базистик пунктка 8,00 пайыз деңгээлге чейин төмөндөтүү чечимин кабыл алды.

Сезондук фактор инфляциянын басаңдашын шарттаган, ал өтүп жаткан жылдын баш жагындагы 11,6 пайыздын ордуна июль айынын орто ченинде (17-июлга карата) жылдык мааниде алганда 5,0 пайызды түзгөн.

2015-жылдын январь-июнь айларында экономикалык өсүштүн жогорку көрсөткүчкө жетишүүсү (7,3 пайыз), эң башкысы "Кумтөр" алтын кенин иштетүү боюнча ишканаларында өндүрүштүн өсүшү менен шартталган. Ички дүң өнүмдүн айкын өсүш арымы "Кумтөрдү" эске албаганда 4,4 пайызды түзгөн.

Инфляциялык процесстердин болжолдонгон динамикасын эске алуу менен Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы мындан ары да өлкө экономикасындагы жагдайга мониторинг жүргүзүүнү улантып, мыйзамдарда аныкталган ыйгарым укуктарынын алкагында акча-кредит саясатынын тиешелүү чараларын колдонот. Акча-кредит саясаты инфляцияны орто мөөнөттүк келечекте Улуттук банктын акча-кредит саясатынын орто мөөнөттүк мезгил аралыгына каралган негизги багыттарында аныкталган 5-7 пайыз деңгээлинде чектеп турууга багытталат.

Улуттук банк Башкармасынын эсептик чен өлчөмү маселесин кароого алган кийинки отуруму 2015-жылдын 24-августуна пландаштырылган.